УДК 81’33:32(575.2)

## ПОЛИТИЧЕСКАЯ ЛИНГВИСТИКА (Общий обзор). ВВЕДЕНИЕ В КЫРГЫЗСКУЮ ПОЛИТИЧЕСКУЮ ЛИНГВИСТИКУ

***К. Саматов***

Дается общий обзор научных трудов и учебных пособий, отображающих условия зарождения, объект, предмет, понятийный аппарат, методологию, основные направления (критический, контент, риторический, когнитивный анализы), научные группы и функции общественно-политической жизни новой ветви языкознания – политической лингвистики (лингвополитологии). Разграничиваются термины: политема – политика, власть, государство, партия; идеологема – буржуазия, социализм, совет, демократия; социологема – парламент, депутат, правительство, мэр, и рассматриваются когнитивные, коммуникативные, прагматические и эстетические функции политических метафор. Особо отмечается необходимость изучения политических дискурс/лексик, возникщих во времена независимости Кыргызстана, в связи с мышлением, коммуникацией, политической деятельностью и политическим состоянием общества.

*Ключевые слова:* политическая лингвистика/лингвополитология; объект; предмет; понятийный аппарат; методология; направления; группы; политема; идеологема; социологема; политический язык/текст/дискурс; политическая речь/коммуникация; политические сферы коммуникации и уровни; политическая лексика/фразеология; виды политической речи; стратегия политической коммуникации и ее виды; языковая картина политического мира; политическое состояние кыргызского государства; политический дискурс кыргызского языка.

## САЯСИЙ ЛИНГВИСТИКА (Жалпы сереп) КЫРГЫЗ ТИЛИНИН САЯСИЙ ЛИНГВИСТИКАСЫНА КИРИШҮҮ

***К. Саматов***

Макалада тил илиминин жаңы тармагы – саясий лингвистиканын (лингвосаясат таануу) жаралуу шарттарын, объектин, предметин, түшүнүк аппаратын, методологиясын, негизги багыттарын (сынчыл, контент, риторикалык, когнициялык анализ), илимий топторун жана коомдук-саясий турмуштагы милдетин ар тараптан чагылдырган илимий эмгектерге жана окуу куралдарына жалпы сересеп салынат. Политема – саясат, бийлик, мамлекет, партия; идеологема – буржуазия, социализм, совет, демократия; социологема – парламент, депутат, өкмөт, мэр терминдеринин чектери ажыратылып, саясий метафоралардын когнициялык, коммуникациялык, прагматикалык, эстетикалык функцияларга эгедерлиги сыпатталат. Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарында жаралган саясий дискурсту/лексиканы тил, ойлом, коммуникация, саясий ишмердиктин жана коомдун саясий абалына таянуу менен иликтөө зарылдыгы баса белгиленет.

*Түйүндүү сөздөр:* саясий лингвистика/лингвосаясат таануу; объект; предмет; түшүнүк аппараты; методология; багыттар; топтор; политема; идеологема; социологема; саясий тил/текст/дискурс; саясий кеп/коммуникация; коммуникациянын саясий чөйрөсү жана деңгелдери; саясий лексика/фразеология; саясий кептин түрлөрү; саясий коммуникациянын стратегиясы жана түрлөрү; саясий дүйнөнүн тилдик картинасы; кыргыз мамлекетинин саясий абалы; кыргыз тилинин саясий дискурсу.

## POLITICAL LINGUISTICS (General overview) INTRODUCTION TO KYRGYZ POLITICAL LINGUISTICS

***K. Samatov***

In this article the general overview of research works and textbooks, which reflects the conditions of the origin, object, subject, conceptual apparatus, methodology, main areas (critical, content, rhetorical, cognitive tests), scientific groups, and functions of socio-political life of the new branch of linguistics- political linguistics are given. The terms are delineated such as politeama – politics, power, state, party; the ideology of the bourgeoisie, socialism, Council, democracy; sociologia – the Parliament, the deputy, the government, the mayor, and the cognitive, communicative, pragmatic and aesthetic functions of political metaphors are discussed. The necessary of study the political discourse/vocabulary that emerged during the independence of Kyrgyzstan in connection with thinking, communication, political activity and the political state of society is emphasized.

*Keywords:* political linguistics; object; subject; conceptual apparatus; methodology; direction; group; policema; ideologeme; sociologia; political language/text/discourse; political discourse/communication; political spheres of communication and levels the political vocabulary of the/phraseology; types of political speech; the strategy of political communication and its types; language picture of the political world; the political status of the Kyrgyz state; the political discourse of the Kyrgyz language.

Жалпы маданияттын тутумдаш бир салаасы – саясий маданият – өзгөчө мыйзамдарга багынуу менен, менталдык компоненттердин чырмалышкан татаал курамын түзүп, улуттун саясий дүйнөсүнүн тилдик картинасын аныктайт. Адатта жогорку картинаны кураган концепт, фрейм, сценарий ж.б-лардын табияты ар кыл. Орто Азия мамлекеттеринде да саясий маданият//дискурс//чөйрө бири-бирине окшош эмес. Жакынкы тарыхты эске алсак, кыргыз жергесиндеги Кокон кандыгы (1709–1876), орус оторчулугу (1863–1917), совет бийлиги (1917), “кайра куруу” (1985–1991), СССРдин кулашы (1991), андан кийинки саясий төңкөрүштөр (2005, 2010), улуттар аралык уруштар, мамлекеттик структуранын жогорку, ортоңку жана төмөнкү эшалондорунун коррупцияга (паракорлук, эл байлыгын уурдоо) белчесинен батышы өлкөнүн саясий-экономикалык, социалдык жана моралдык-этикалык абалына таасир этип, ага жараша кыргыз улуттук саясий дүйнөсүнүн картинасы да тез-тез өзгөрүп турду. Ушундан улам “демократия аралчасы” деген метафорага татыган Кыргызстандагы саясий абал коңшу өлкөлөрдөн кескин айрымаланып, саясий метафоралардын мозаикасы жаралууда.

Кыргыз мамлекетинде удаа-удаа учугун улаган саясий төңкөрүштөрдөгү кан таламайларда очойгон олжого маарыган, такыр болбоду дегенде шыралга алган шылуундар, котур ташын койнуна каткан өч алуучулар, лидерлердин, партиялардын ортолоруна от жаккан чагымчылдар, шартка жараша саясий туурун таштай качкан саткындар, саясий жактан чала сабат, ыкшоо электорат, добуштарын жапырт саткан шайлоочулар, добуш сатып алган кандидаттар, шайлоолордун шайтан оюндары, масс-медиалардын терс (деструктивдүү) эмоцияларды таратышынын күчөшү, саясий театрдын кулач жайышы, ар кыл тармактар боюнча мифтердин жаралышы, долу кара пиар (черный пиар), жылып жүргөн боз пиар (серый), анда-санда жылт эткен ак пиар (белый пиар), саясий оппенттерди камоо сыяктуу терс көрүнүштөр салтка айланып, саясий дискурстарды улам-улам кубултуп келет, ар кыл метафоралардын жаралышын шарттап отурат. Алмустактан бери сүйрөлүп келе жаткан “түндүк – түштүк” оппозициясы, сандаган саясий партиялардын арасындагы айыгышкан кармаш, трайбалисттик, аймактык бөлүнүүлөр, айрыкча акыркы кезде күч алган моңолдор, солто, кытай, басыз ж.б. урууларынын феодализди элестеткен уруулук курултайлары саясий, моралдык-этикалык абалды курчутууда.

Президенттикке жана Жогорку Кеңешке (мындан кийиин – ЖК) шайлоолор маалындагы куру убадалар, коомдук аң-сезимди манипуляциялоо элдин кыжырын келтирип, белгилүү бир нааразылыктарды жаратып турганы кашкайган чындыкка айланып турган чак. Ушундан улам ЖКга *кой, бука, соодагер, чайкоочу, базарком, контрабандист, криминал, чимкирик, какырык* ж. б. метафоралык аттар коюлуп жатканын эч ким тана албай калды. Өткөн президенттик шайлоо маалында кээде күлкү келерлик окуялар да болду: “Эшмат – Президент, Ташмат – Премьер-министр” деген сыяктуу алаңгазар лозунгдар элди таң калтырды. Президент тарабынан элди малга (кой, уй) теңөө, фракцияларды *тегирменчи, криминал,* бир аймактын элин *Абыке-Көбөштүн урпактары* деп мазактоолор элдин кыжырын келтирди. *Ак//көк//боз үй, ак шакал, жүжүр чал, ләппәй таксыр, шапкасын кийгизүү, крыша, жугунду ичкендер* сыяктуу метафоралар саясий лексиканы байытып жатат. Ушундай убакта *саясий лингвистика (лингвополитология)* тууралуу сөз козгоо зарылдыгы келип чыкты. Биз ушул максатты көздөп, дүйнөдө жана орус аңызында саясий лингвистиканын жаралышы, анын негизги багыттары, предмети, түшүнүк аппараты, методологиясы, анын коомдук-саясий турмуштагы орду тууралуу азыноолак сөз козгоону эп көрдүк. Биз төмөндө Е.И. Шейгал, О.И. Воробьева, А.П. Чудинов, Э.В. Будаев, М.Б. Ворошилова, Е.В. Дзюба жана Н.А. Красильникова сыяктуу ушул жааттагы белгилүү илимпоздордун монографиялары менен маанилүү окуу куралдырына кыргыз саясий лингвистикасына киришүү форматында гана жалпы саресеп салабыз.

*Е.И. Шейгалдын “Семиотика политического дискурса”* аттуу докторлук диссертациясы [1] менен аты уйкаш монографиясында [2] саясий дискурс темасынын актуалдуулугу, демократиялык коомдогу саясий коммуникациянын милдетинин өсүшү, анын башка дискустар (педагогикалык, диний, илимий, юридикалык, экономикалык ж.б.) менен байланыштарындагы тилдик инсандын алга чыгышы, дискурстардын илимий дискуссиялардын предметине айланышы,

саясий дискурста манипуляциянын жыштыгы шарттаары даана көрсөтүлөт.

Илимпоз ушул эле иликтөөсүндө саясий дискурс реалдуу жана вербалдык (вербалдык жана бейвербалдык) өлчөмдөргө жана типтүү жанрларга эгедерлигин, саясий дискурстун интенциялык корун бийлик үчүн күрөш түзөөрүн, анын система түзүүчүлүк мүнөздөмөлөрүн (массалык адресаттын, эмоциянын, фатиканын басымдуулугу, маанилик күмөндүүлүк, денотаттардын фантомдуулугу, фидеисттүүлүк, эзотерикалуулук, коммуникациянын масс-медиа аркылуу болушу, театрлаштыруу, саясий тилдин динамикалуулугу) жана "саясат", "саясатчы" концепттеринин базалык касиетке ээ экендигин далилдеген [1–2].

*О.И. Воробьеванын "Политическая лингвистика. Современный язык политики"* [3] аттуу монографиясында саясий тил, анын функциялары, "саясат", "саясий идеология", "саясий бийлик", "мамлекет" түшүнүктөрүнүн коммуникациялык-тематикалык талаалары, политемалардын аксиологиялык, прагматикалык, эстетикалык милдеттери тууралуу кабар берилет. Адатта "саясий тил" категориясы тил системасынын лексикалык деңгелине гана таянып, табияты жагынан өтө эле шарттуу келет. Ушундан улам саясий тил феноменинин коммуникациялык таасири менен өзгөчө тезарусу анын өзүнчө бөлүнүшүн шарттайт. Политемалар – *саясат, саясий, бийлик, мамлекет//тик, партия//лык;* идеологемалар – *буржуазия//лык, социализм, социалисттик, совет//тик, демократия//лык*; ал эми социологемалар – *парламент, депутат, өкмөт, мэр* терминдери аркылуу конкреттешет. Илимпоздун оюнча, саясий тилдин семантикалык структурасында саясий компоненти бар бирдиктер гана политема статусуна ээ. Эмгекте политема, идеологема жана социологема терминдеринин чектери так аныкталат: *"<u>Политемы</u> называют понятия, связанные с ролью человека в обществе, государстве, современном ему мире, организуют текст или фрагменты текста определенной тематической направленности, влекут за собой употребление единиц данного семантического поля". "<u>Идеологемы</u> представляют референты, которые четко обозначаются в дефиниционных толкованиях: политическое сознание, идеология, политические идеалы, духовные ценности, следовательно, в качестве идеологем следует рассматривать политемы, содержащие в семантической структуре идеологический компонент значения". "<u>Социологемы</u> репрезентируют понятийное поле "государственный аппарат", "государственно-исполнительная власть", "социально-политические институты" и их структуру"* [3: 4–6].

*А.П. Чудиновдун "Метафорическая мозаика в современной политической коммуникации"* [4] жана "Очерки по современной политической метафорологии" [5] аттуу монографияларында заманбап саясий кептеги метафоралардын мыйзам ченемдүүлүктөрү когнициялык-дискурстук аспектте иликтенет. Саясий лингвистика социолингвистика, функциялык стилистика, классикалык//заманбап риторика, когнициялык//текст лингвистикалары менен тыгыз байланышта өнүгүүсү баяндалат. Илимпоздун оюу боюнча, *"Предмет исследования политической лингвистики – политическая коммуникация, то есть речевая деятельность, ориентированная на пропаганду тех или иных идей, эмоциональное воздействие на граждан страны и побуждение их к политическим действиям, для выработки общественного согласия, принятия и обоснования социально-политических решений в условиях множественности точек зрения в обществе"* [4: 11]. Бул илим салаасынын негизги милдети – тил, ойлом, коммуникация, саясий ишмердиктин жана коомдун саясий абалынын ортолорундагы көп кырдуу байланыштарын иликтөө, ал эми анын негизги постулаты – саясий тексттерди дискустук аспектте изилдөө, б.а., ар бир конкреттүү текстти саясий шартты, тексттердин өз ара катнаштарын, өлкөнүн саясий турмушун эске алуу менен анализдөө [4: 12].

18-19-кылымдарда орус аңызында риториканын алкагында, кийин ар кыл саясий агымдардын ортосунда саясий дискуссияларда саясий кептердин проблемалары карала баштаган. Саясий тилди изилдөө совет доорунда 3 этапты башынан өткөрдү: 1) 1920–30-жылдары Г.О. Винокур, С.И. Карцевский, Е.Д. Поливанов, А.М. Селищев, П.Я. Черных жана Р.О. Якобсондун эмгектеринде Октябрь революциясынан кийинки орус адабий тилиндеги өзгөрүүлөр иликтенген. 2) 1930–40-жылдары Н.Я. Маррдын окуучулары "эксплуататорлордун" жана "эмгекчилердин" тили деп экиге бөлүп, айрыкча М.И. Калинин, С.М. Киров, В.И. Ленин,

И.В. Сталин ж.б-лардын "тили менен стилине" лингвосаясий анализ жасашкан. 3) 1950–80-жылдары чечендик, лектордук өнөр, ММКнын ишмердиги, агитация жана пропаганда маселелери ар тараптан иликтенген (Г.З. Апресян, Л.А. Введенская, Н.Н. Кохтев, В. Одинцов, Ю.А. Бельчиков, В.Г. Костомаров, Д.Э. Розенталь, Г.Я. Солганик, П.Н. Денисов, С.Г. Капралова, А.Н. Кожин, Т.Б. Крючкова, М.В. Панов, И.Ф. Протченко ж.б.). Бул мезгилдин негизги өзгөчөлүгү – советтик саясий лингвистиканын дүйнөлүк илимден окчун өнүгүшү.

Эмки сөз азыркы орус саясий лингвистикасында өз алдынча, ошол эле учурда байланышы бар багыттар – топтор – тууралуу болсун. *1-топтогулар* (В.Н. Базылев, А.Н. Баранов, О.И. Воробьева, Ю.Н. Караулов, Л.П. Крысин, Ю.А. Сорокин, А.П. Чудинов, Е.И. Шейгал ж.б.) саясий лингвистиканын теориялык-методологиялык негиздерин жана терминологиясын иликтешүүдө. *2-топтогулар* совет доорундагы "тоталитардык тилге" азыркы саясий коммуникацияны каршы коюшат: тоталитардык мезгилде саясий, философиялык, диний, этикалык чөйрөлөргө таандык советтик идеологемалар дыкаттык менен иликтенет (Н.А.Купина А.П. Романенко); "орус – советтик тили" менен жаңы саясий дискурстун кескин айрымасы далилденет; совет доорунда саясатта бир нече "диалекттер" (расмий, диссиденттик, карапайым "сырдуу") пайдаланылганы аныкталат (Ю.А. Бельчиков, А.А. Ворожбитов, С.Ю. Данилов, В.И. Жельвис, Н.А. Кожевникова, С. Кордонский, Э. Лассан ж. б.). *3-топтогулар* саясат тилине нормалык жана дескрипциялык мамиле жасашат: биринчилери жаңы кубулуштарды табышканы менен, аларга оң-терс баа беришпейт; экинчилери жаңы кубулуштардын салттуу нормаларга жат экендигин белгилешип, лингвоэкология илиминин зарылдыгын күн тартибине коюшат. Кыргыз саясатчыларынын, журналисттеринин сөздөрүндө, макалаларында диалетизмдердин, кептик каталардын, кептик маданиятсыздыктын жыш жолугушу буга күбө. *4-топтогулар* саясат тилинин ар кыл аспекттерин (фонетика, лексика, фразеология, синтаксис, морфология, "тилдик мода" ж. б.) изилдешүүдө: В.И. Максимов (Словарь перестройки, 1992), С.В. Молотков, В.Н. Киселев (Словарь новых значений и слов языка газеты, 1996), А.Б. Новиков (Словарь перифраз русского языка (на материале газетной публицистики, 1999), Л.Г. Самотик (Словарь выразительных средств языка политика, 2002), В.Н. Шапошников (Русская речь 90-х. Современная Россия в языковом отображении, 1998). *5-топтоп* тарабынан парламенттик дебаттар, митинг, саясий ушак, депутаттардын сөздөрү, ММК, телекөрсөтүү, шайлоо алдындагы полемика, саясий чатак, каршылык көрсөтүү, аналитикалык, аналитикалык-статистикалык, юмор, пас жанрлар тилдери иликтенүүдө (А.Н. Баранов, Е.Г. Казакевич, С.И. Виноградов, М.В. Китайгородская, Н.Н. Розанова, А.А. Романов, Л.А. Романова, А. Плуцер-Сарно ж. б.). *6-топтогулар* белгилүү бир саясий лидерлердин, саясий багыттардын жана партиялардын идиостилдерин иликтешип, алардын психологиялык, кептик жана саясий портреттерин тартышып, улуттук, коммунисттик көз караштарга баа беришүүдө (Ю.А. Сорокин, В.Н. Базылев, Т.С. Вершинина, А.Г. Алтунян, А.К. Михальская, Е.В. Какорина, А.Б. Ряпосова). *7-топтогулар* кептик ритуалдарды, коммуникациялык ролдорду, манипуляциялардын стратегияларын, тактикаларын иликтешип, социалдык теңсиздикти сындашууда (О.С. Иссерс, А.А. Филинский, В.М. Амиров, П.О. Миронова, Н.Б. Руженцева, А.Н. Баранов, Д.Б. Гудков ж. б.). Кийинки кездерде саясий кеп агрессивдүү мүнөзгө ээ болуп баратат (М.Р. Желтухина, О.С. Иссерс, Н.А. Купина, Л.М. Майданова, А.А. Романов, Н.Б. Руженцева, А.Б. Ряпосова, В.И. Шаховский, Е.И. Шейгал ж. б.). Мындай көрүнүш шайлоо маалында даана байкалат. *8-топтун* максаты – саясий коммуникацияны салттуу (текст лингвистикасы, социолингвистика, риторика жана кеп маданияты) жана когнициялык (лингомаданият таануу, метафоралык моделдөө теориясы) методдор аркылуу жүргүзүшөт. А.Н. Баранов, Ю.Н. Караулов, М.В. Зимина, И.М. Кобозева, Е.В. Колотнина, А.Б. Ряпосова, Т.Г. Скребцова, А.В. Степаненко, Ю.Б. Феденева, А.П. Чудинов ж.б-лардын эмгектери метафоралык багытта ишке ашкан. Социолингвистикалык багыт жаңы саясий дискурска экспрессивдүүлүк, карнавалга жакындык, саясий митайымдык, кооптонуу, шектенүү, ишенимдүү саясий ориентирдин, "улуттук идеянын" жоктугу таандык экендигин далилдеди. *9-топтогу* илимпоздор Россия

менен башка мамлекеттеринин саясий дискурстарын салыштырып, алардын ортолорундагы окшоштуктар менен айырмачылыктарды табышып, белгилүү даражадагы жыйынтыктарды чыгарышты. *10-топтогу* илимпоздордун бир катары илимий иштерин "беткеп" аркылуу беришет, б.а., алардын эмгектеринде лингвосаясий анализ жок: сөздүктөр (А.Н. Баранов, Ю.Н. Караулов, В.И. Максимов, В.М. Мокиенко, Т.Г. Никитин); монографиялар (И.Т. Вепрева, Н.А. Купина, Э. Лассан, А.П. Чудинов, Е.И. Шейгал); диссертациялар (Е.В. Бакумова, Т.С. Вершинина, А.Б. Ряпосова, А.А. Филинский, Ю.Б. Феденева); окуу куралдар (А.Н. Баранов, О.И. Воробьева).

Заманбап саясий лингвистиканын бирдиктүү теориялык базасы, методологиясы жана терминологиясы болбосо да, келечектен үмүттөндүргөн өзүнө тийиштүү түшүнүк аппараты жана терминологиясы жаралууда. Алардын катары төмөнкү компоненттерден куралган: *саясий тил/текст/дискурс, саясий кеп/коммуникация, коммуникациянын саясий чөйрөсү жана деңгелдери, саясий лексика/фразеология, политема, идеологема, социологема, саясий кептин түрлөрү, саясий коммуникациянын стратегиясы жана түрлөрү, саясий дүйнөнүн тилдик картинасы.* Саясий метафоралардын функциялары (когнициялык, коммуникациялык, прагматикалык, эстетикалык) тилдик фактылар аркылуу далилдениши саясий лингвистикага кызыккандарга, изилдөөчүлөргө пайдалуу. Метафоралык моделдердин классификацияланышы, саясий текст менен нарротивдеги метафоралар, орус-америкалык параллель метафоралар когнициялык-дискурстук жактан ишенимдүү даражада иликтенген.

Автордук жамаат тарабынан жазылган *"Современная политическая лингвистика"* аттуу окуу куралында [6] азыркы саясий лингвистиканын калыптанышы, теориясы, практикасы, заманбап лингвоконцептология, креолдошкон текст жана саясий интернет-коммуникациядагы коомдук пикирди чагылдырган дискурстун маанилүү маселелери козголот. Саясий лингвистика – гуманитардык илимдер арасында саясат таануу менен лингвистиканын кесилишинен жаралган жана чапчаң алгалап бараткан илим салаасы – бул же тигил тилдин мүмкүнчүлүктөрүн саясий бийликти коргоонун жана коомдук аң-сезимди манипуляциялоонун каражаты катары иликтеп келет. Өткөн кылымдын аяк ченинде кадыресе илим салаасы катары жаралган саясий лингвистика илиминин түптөлүшүнө саясий коммуникация, риторика жана семиотикага болгон туруктуу методологиялык кызыгуу алып келгенинин эстен чыгарбашыбыз керек. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин саясий коммуникация менен коомдук-саясий процесстердин карым-катнашын иликтөө алдыңкы планга чыкты. Ушундан улам илимпоздор саясаттын тилин, коомдук аң-сезимдин калыптануу жолдорун, саясий агитациянын жана согуштук пропаганданын пайдасын ар тараптан терең иликтөөгө дыкаттык менен көңүл бура баштаган. Уолтер Липпманн, Пол Лазарсфельд, Гарольд Лассвелл жана Натан Лейтестин эмгектери аталган илим салаасынын пайдубалынын өзөгүн түзгөндүгүндө шек жок.

У. Липпманн коомдун саясат жөнүндөгү ой-пикирин иликтөөнүн ишенимдүү контент-анализ методун иштеп чыкса, П. Лазарсфельд жогорку методду электораттын ММКнын шайлоо алдындагы абалына көз карандылыгын иликтөгө пайдаланган. Г. Лассвел саясий лингвистикага квантитативдик семантиканын методдорун биринчи болуп киргизген. 20-кылымдын кыркынчы жылдарынын аягында Советтер Союзу менен батыш Европанын жана АКШнын саясий мамилелери кескин өзгөрүп, "кансыз согуш", "темир көшөгө" өңдүү саясий метафоралар жаралган. Бул жылдары лингвисттерди көңүлүн айрыкча милитаристтик дискурс бурган.

Илимпоздор советтик саясий дискурсту лингвопсихоаналитикалык методдун жардамы менен иликтеп, белгилүү жыйынтыктарды чыгарууга жетишкен. Ушул мезгилде лингвистикалык советология жаралган [7]. Н. Лейтес фрейдизм методдору аркылуу большевиктик ойломдун сырын ачууну, коммунисттик лидерлердин саясий реакцияларын иликтөөнү максат катары алдына койгон жана большевиктик ойлом, советтик саясий дискурс Обломов менен Рудиндерге каршы реакция катары калыптанган жана большевиктик дискурстун башатында В.И. Ленин тургандыгын аныктаган. 19-кылымдагы орус элитасы "ойчул", "интроспективдүү" болсо, кийинки доордогу элитанын жүзү каардуу, күмөнчүл, агрессивдүү штрих алган.

Фашисттик илимпоздор да СССРге кол салаардын алдында орус классикалык чыгармаларынын негизинде орус мүнөзүн иликтешкени

менен, аларды большевиктик дискурс менен салыштырышкан эмес. Ошондон улам алар согуш талаасында Маресьев, Матросов жана Панфиловду жолуктурушкан. Теориялык инновацияларга карабай, илимпоздор салттуу риторикалык-стилистикалык методикалык каражаттар аркылуу иликтөөлөрүн уланта беришкен. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин президенттердин риторикалык чеберчиликтеринин ар кыл жактары – фонетикалык өзгөчөлүгү, ыргагы, ачыктыгы, жөнөкөйлүгү, сөз тапкычтыгы, жандуулугу изилденген.

Кансыз согуш маалында милитаристтик дискурс басымдуулук кылган, б. а., саясатчылар карапайым элге ядролук бомбаны колдонуу зарылдыгын ишендире баштакан. Ошентип “ядролук кыш”, “атомдук апокалипсис” сыяктуу метафоралык образдардын заманы келген. Буга удаа саясий символизм – саясий семиотика өрүш алган. Өткөн кылымдын 70-80-жылдары монография жана окуу куралдарынын чыгышы менен, саясий лингвистика лингвистиканын кадыресе бир салаасы катары статус алган.

Мурун саясий коммуникация менен “бийлик тилин” иликтеген саясий лингвистика азыр өзүнчө салттары, методикасы, авторитеттери жана илимий мектептери бар илимий багытка айланып, илимий конференциялар өткөрүлүп, журналдар жана жыйнактар чыгарылууда. Заманга жараша аталган илим тармагы дискурс-анализ менен когнициялык методологиянын эвристикаларын өзүнө сиңирип, тил, бийлик жана коом ортолорундагы өз ара мамилелердин (терроризм, “жаңы дүйнөлүк тартип” дискурстары, саясий корректүүлүк, социалдык толеранттуулк ж. б.) жаңы аспекттерин изилдөөнүн эсебинен илимий кызыкчылыктарынын чектерин кеңейтүүдө.

Азыр саясий лингвистиканын өз ара карым-катыштагы төрт илимий багыты белгилүү: 1) саясий дискурстун сынчыл анализи; 2) саясий дискурстун контент-анализи; 3) саясий дискурстун риторикалык анализи; 4) саясий дискурсту когнициялык жактан иликтөө. *Саясий дискурстун сынчыл анализ* багытындагы изилдөөлөр адатта социалдык тобокелчилик жана коммуниканттардын теңсиздигин чагылдырган саясий тексттерге түз таянуу менен жүргүзүлүп, саясий бийликтин ишке ашырылуу жолдорун аныктайт. Ушулардын натыйжасында коомдогу социалдык, гендердик, этникалык, диний жана расалык теңсиздиктин, ажырымдоонун бети ачылат, тоталитардык дискурстун пропагандалык ишмердикти борборлоштуруу, абсолюттук акыйкатка каршы туруу, турмуштун чар тарабын идеологияга баш ийдирүү, саясий коммуникациянын ритуалдуулугу, “жетекчилердин” монологунун диалогго өктөмдүк кылышы, “өзгөлөр” менен “жаттарды” ажырымдоо сыяктуу мүнөздүү белгилери далилденет.

Учурдагы чет өлкөлүк саясий лингвистикадагы жүз жылдан ашык тарыхы бар *саясий дискурстун контент-анализи* сынчыл анализден айрымаланат. Ал субъективизмден оолактап, саясий тексттердин чоң корпустарын компьютердик электен өткөрүп, квантитативдик маалыматтарга басым жасоо менен, саясий коммуникациянын сапаттык касиеттери боюнча жыйынтык чыгарат. Мындай багыттагы изилдөлөрдүн негизи максаты – коомдун социалдык-саясий турмушу менен саясий тилди пайдалануунун байланышын, саясий дискурстун статистикалык маалыматтарда чагылдырылган жашоо мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачуу. Бул дискурстун алкагында мактоо, сындоо, коргонуу тактикаларынын квантитативдик мүнөздөмөлөрү, саясатчылардын сөздөрүндөгү коомдук жана жеке проблемалардын өткөн – учур – келер чак айкаштары дыкаттык менен иликтенүүдө.

*Саясий дискусту риторикалык талдоо* багытындагы иликтөөлөр демейде натыйжалуу салттуу методикаларга ыктоо менен жүргүзүлөт. Адегенде эл алдында сүйлөй билүү, анын ишенимдүүлүгү жана таасирдүүлүгү башкы максат болсо, кийин түндүк америкалык риторикалык иликтөөлөр риторикалык сынчыл маанайга батыл ооду. Радио-, телеберүүлөр, кино жана инсан ортосундагы мамилелер да илимий иликтөөнүн предметине айланды. Азыр риторикалык критицизмдин метафориканы сындоо, нарративдик анализ, жанрдык сын, пентагманы сындоо, кластердик сын, идеографиялык сын өңдүү багыттары белгилүү.

Когнитивистиканын (адамдын менталдык процесстери: болмушту таанып-билүү, маалыматтарды өздөштүрүү, сактоо, кайрадан иштетүү, топторго ажыратуу, ишмердикти категориялаштыруу жана баалоо) жаралышы саясий лингвистиканын өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизди. Саясий лингвистика европалык жана

американын лингвистикалык салттарда жаралса да, башка мамлекеттерге ыкчам тарап, алардын шарттарына жараша өрүш алууда. Бул жаатта эки тенденция даана байкалат: 1) Түштүк Корея, Сингапур жана Тайванда батыш теориялары таасирлүү; 2) алар Япония менен Кытайда саясий дискурсту талдоого, саясий коммуникацияны изилдөгө жараксыз экендигин көрсөттү. Окуу куралында интернеттин мааниси так белгиленген. Интернет инсандар арасында жаңы катнаштарды, чексиз жандуу коомдук мамилелерди жаратты, ар кыл этникалык, саясий-социалдык айрымачылыктарга карабай, кызыкчылыктары, аракеттери, социомаданий багыттары бир топтун түзүлүшүнө алып келди. Ушундан улам басылма ММКлар электрондук ММКларга орун бошотууда.

Жыйынтыктап айтканда, макаланын башында белгиленгендей, кыргыз аңызындагы саясий көрүнүштөрдү чагылдырган лексемалардын жана терминдердин бай корпусу ар кыл багытта эффективдүү методдор аркылуу изилденүүгө муктаж.

***Адабияттар***


1. *Шейгал Е.И.* Семиотика политического дискурса / Е.И. Шейгал // АДД. Волгоградский государственный педагогический университет. Волгоград, 2000. 44 с.
2. *Шейгал Е.И.* Семиотика политического дискурса / Е.И. Шейгал. М.: Гнозис, 2004. 326 с.
3. *Воробьева О.И.* Политическая лингвистика. Современный язык политики / О.И. Воробьева. М.: ИКАР, 2008. 296 с.
4. *Чудинов А.П.* Метафорическая мозаика в современной политической коммуникации: монография / А.П. Чудинов. Екатеринбург, 2003. 248 с.
5. *Чудинов А.П.* Очерки по современной политической метафорологии: монография / А.П. Чудинов. Екатеринбург, 2013. 176 с.
6. *Будаев Э.В.* Современная политическая лингвистика / Э.В. Будаев, М.Б. Ворошилова, Е.В. Дзюба и др. Екатеринбург, 2011. 252 с.
7. *Будаев Э.В.* Лингвистическая советология / Э.В. Будаев, А.П. Чудинов. Екатеринбург, 2009. 291 с.